"Бекитемин"
мектеп директору
Абсаматова Н.А.

**Окууда жетишпеген балдар менен иштөө жобосу**

**Максаты:**

1. Окуучулардын билим алуусунун деңгээлин көтөрүү;
2. Балдардын окууга болгон жоопкерчиликтүү мамилесин жөнгө салуу;
3. Ата-энелердин балдарынын окуусуна болгон жоопкерчилигин арттыруу;
4. Окуучулардын сабактардан начар окуп, классташтарына салыштырмалуу окуу материалдарын өздөштүрө албоосунун жана ордуна калып калуусунун алдын-алуу;
5. Предметтен окуу материалдарын туура өздөштүрүүсүнө жардам берүү;

- **Начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө боюнча негизги багыттар**
  - Окуучунун окудан жетише албагандыгынын себеби аныктоо;
  - Начар өздөштүргөн окуучуну сабактан жетишүүсүнө комплекстүү иштерди жүргүзүү: сабактан тышкаары учурда иштөө, ата-энеси менен суйлөшүү, сабак учурунда иштөө;
  - Класстан тышкааркы иш чараларга тартуу;
  - Коомдук иштерге катыштыруу ж,б;

Окуучунун окудан начарлоосунун себеби ар кандай болушу мүмкүн. Ар бир эле окуучу жакшы окуганды каалайт деп ойлойм.

Кээ бир учурларда сабактардан эки алып калган учурларда бала окуга болгон кызыгы тарап, кээде ал сабакка катышпай да койгон кездер болот.

Жыйынтыгында да тартиби да начарлайт. Сабактан начар окуган бала өзүндөй болгон башка дагы бир начар окуган бала менен достошот, себеби жакшы окуган окуучунун жанында ал өзүн ылдый сезиши мүмкүн.

Окуудагы жетишпөө-бул окуучунун окуу программасын канаттандырарлык деңгээлде өздөштүрө албоосу.

Начар өздөштүргөн окуучулар менен сабак учурунда иштөө.

Сабактын этаптары:

1. Өтүлгөн материалдарды кайталоо учурунда окуучуга сабакта дифференцирленген суроолорду берүү менен окууга болгон кызыгуусун арттыруу туура жооп берген учурда аны мактоо.
2. Жаңы теманы түшүнүүсү үчүн жөнөкөйлөтүлгөн мисалдар, тажрыйбалар аркылуу тушүндүрүү.
3. Бышыктоо учурунда берилүүчү тапшырманы жөнөкөйлөтүп берүү.
4. Өз алдынча иштөөдө атайын карточкаларды дайындап келип, окуучунун деңгээлине жараша тапшырмаларды берүү.
5. Окуучунун билимин объективдүү баалоо.
6. Окуучуга индивидуалдык тапшырмаларды берүү.

Начар өздөшүргөн окуучулар менен иштөө

1. Окуучунун аты жөнү
2. Класс
3. Кайсы предметтен жетише албайт
4. Окуучунун иш тартиби
5. Окуучунун начар окуусунун себептери:______________________________________________________
   ______________________________________________________
6. Окуучу менен кандай иштер аткарылды:______________________________________________________
   ______________________________________________________
   ______________________________________________________
   ____________________________________________

1. Иштин Жыйынтыгы:______________________________________________________
   ______________________________________________________

   Начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөөдө класс жетекчинин милдеттери:
   Класс жетекчи класстагы окуучунун окуудан жетише албагандыгын себебин аныкташ керек. Ал үчүн жекече аңгемелешип, мектептин психологуна кайрылып, ата-энеси менен аңгемелешип ар кандай иш аракеттерди аткаруу менен себебин аныкташы зарыл.
   Баланын сабактан жетише албай начар өздөштүргөндүгүн аныктоо:
   Сабакты көп калтыруу:
   Үйдөн тапшырмамалды аткарууда ата-эне тарабынан контролдун жоктугу;
   Жөндөмсүздүгү;
   Окууга болгон каалоосунун жоктугу;
   Тапшырманын көлөмүнүн өтө көптүгү;
   Окуу материалдарынын кыйындыгы;
   Ден соолугунун начарлыгы;